# Мамлекеттик казына векселдеринин рыногу

*(2016-жылдын июнь айы)*

**1-график. МКВга карата суроо-талап жана аны жайгаштыруу**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде биринчилик рыногунда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан казына векселдерин жайгаштыруу боюнча беш аукцион жана бир кошумча жайгаштыруу иши өткөрүлгөн. Аукциондордо мамлекеттик казына векселдеринин (мындан ары - МКВ) жарыяланган эмиссиясынын жалпы көлөмү өткөн айдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу 10,0 пайызга көбөйүү менен 660,0 млн сомду түзгөн.

Суроо-талап көлөмү ай ичинде 77,6 пайызга көбөйүү менен 2,2 млрд сомду түзгөн. Мында, жүгүртүү мөөнөтү 12 ай болгон МКВлардын сатуу көлөмү 20,0 пайызга, 350,0 млн сомго чейин жана 6 айлык МКВлар - 7,7 пайызга, 300,0 млн сомго чейин төмөндөгөн, ал эми 3 айлык векселдер бул мезгилде 60,0 млн сомду түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде МКВнын бардык түрлөрү боюнча орточо алынган кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү 10,1 пайыз өлчөмүндө (-2,3 п.п.) калыптанган. 6 айлык векселдердин кирешелүүлүгү 9,2 пайызды (-1,2 п.п.), 12 айлык – 12,3 пайызды (-1,3 п.п.), ал эми 3 айлык – 3,2 пайызды түзгөн.

**2-график. МКВ боюнча суроо-талап, сатуу жана кирешелүүлүк көлөмүнүн динамикасы**




Кароого алынып жаткан ай ичинде бюджет тартыштыгынын таза каржылоо өлчөмү 222,3 млн сом өлчөмүндө (-54,4 пайыз) түптөлгөн. Ушул эле мезгилде Финансы министрлиги тарабынан 435,0 млн сом суммасында (+71,8 пайыз) мурда эмитирленген МКВлардын ордун жабылган.

**3-график. МКВны сатуу көлөмүнүн динамикасы**




Жыл башындагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырмалуу кароого алынып жаткан мезгил ичинде жүгүртүүдөгү МКВлардын көлөмү 4,7 млрд сомго чейин көбөйгөн (+39,3 пайыз): МКВлардын негизги ээлик кылуучуларынын-коммерциялык банктардын үлүшү 4,0 пайыздык пунктка, 58,5 пайызга чейин көбөйгөн. Институционалдык инвесторлордун салыштырма салмагы 41,0 пайызды (-4,1 п.п.), юридикалык жактар-резиденттердин – 0,5 пайызды (+0,1 п.п.) түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рыногунда 74,3 млн сом суммасында МКВлар менен операциялар ишке ашырылган.

**1-таблица. МКВ орточо айлык кирешелүүлүгүнүн динамикасы**

*пайыздар*

| Мезгил аралыгы | Орточо салмактанып алынган | Мөөнөттүүлүктүн түрү боюнча | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 3 ай МКВ | 6 ай МКВ | 12 ай МКВ |
| Июнь' 2015 | 13,0 | - | 11,8 | 13,2 |
| Июль | 13,1 | - | 12,0 | 13,2 |
| Август | 12,9 | - | 12,0 | 13,1 |
| Сентябрь | 12,9 | - | 12,2 | 13,2 |
| Октябрь | 12,8 | - | 12,4 | 13,6 |
| Ноябрь | 13,4 | 11,5 | 12,7 | 13,6 |
| Декабрь | 13,5 | - | 13,2 | 13,7 |
| Январь'2016 | 14,7 | - | 14,0 | 15,2 |
| Февраль | 15,9 | 5,0 | - | 16,3 |
| Март | 14,2 | 5,7 | 12,5 | 15,1 |
| Апрель | 10,7 | 4,3 | 10,7 | 13,7 |
| Май | 12,3 | - | 10,4 | 13,6 |
| Июнь | 10,1 | 3,2 | 9,2 | 12,3 |

*"-" жарыяланган аукциондордун баары өткөрүлбөгөн катары таанылды*

**2-таблица. Номиналдык нарк боюнча МКВга ээлик кылуучулардын түзүмү**

*миң сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Ком. банктар | | Институцион. инвесторлор | | Жеке адамдар - резиденттер | | Юридикалык жактар - резиденттер | |
| | | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак |
| 01.07.2015 | 3 398 360,0 | 1 675 842,8 | 49,3% | 1 697 227,2 | 49,9% | 0,0 | 0,0% | 25 290,0 | 0,7% |
| 01.08.2015 | 3 580 210,0 | 1 871 881,5 | 52,3% | 1 681 413,5 | 47,0% | 0,0 | 0,0% | 26 915,0 | 0,8% |
| 01.09.2015 | 3 925 210,0 | 2 087 081,8 | 53,2% | 1 804 663,2 | 46,0% | 0,0 | 0,0% | 33 465,0 | 0,9% |
| 01.10.2015 | 3 893 960,0 | 2 032 681,8 | 52,2% | 1 827 363,2 | 46,9% | 0,0 | 0,0% | 33 915,0 | 0,9% |
| 01.11.2015 | 3 789 040,0 | 1 956 331,8 | 51,6% | 1 798 793,2 | 47,5% | 0,0 | 0,0% | 33 915,0 | 0,9% |
| 01.12.2015 | 3 514 990,0 | 1 899 330,4 | 54,0% | 1 582 794,6 | 45,0% | 0,0 | 0,0% | 32 865,0 | 0,9% |
| 01.01.2016 | 3 353 030,0 | 1 825 700,7 | 54,4% | 1 513 964,3 | 45,2% | 0,0 | 0,0% | 13 365,0 | 0,4% |
| 01.02.2016 | 3 188 300,0 | 1 692 770,7 | 53,1% | 1 482 164,3 | 46,5% | 0,0 | 0,0% | 13 365,0 | 0,4% |
| 01.03.2016 | 3 142 570,0 | 1 685 144,1 | 53,6% | 1 444 910,9 | 46,0% | 0,0 | 0,0% | 12 515,0 | 0,4% |
| 01.04.2016 | 3 504 320,0 | 2 087 444,1 | 59,6% | 1 404 360,9 | 40,1% | 0,0 | 0,0% | 12 515,0 | 0,4% |
| 01.05.2016 | 3 912 250,0 | 2 417 635,4 | 61,8% | 1 479 554,6 | 37,8% | 0,0 | 0,0% | 15 060,0 | 0,4% |
| 01.06.2016 | 4 546 050,0 | 2 691 604,4 | 59,2% | 1 839 585,6 | 40,5% | 0,0 | 0,0% | 14 860,0 | 0,3% |
| 01.07.2016 | 4 669 410,0 | 2 730 525,0 | 58,5% | 1 914 675,0 | 41,0% | 0,0 | 0,0% | 24 210,0 | 0,5% |